| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>ПАНФИЛОВ РАЙОНУ<br>КАЙЫНДЫ ШААРДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН<br>КАИНДИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ** |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

10.10.2025 ж. № 36/XIII – 3

## “Кайынды шаарынын аймагындагы көрүстөндөрдө көмүү жайларын брондоо тартиби жөнүндө” Жобосун бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө” Мыйзамынын 8-беренесин турмушка ашыруу максатында иштелип чыккан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы № 502 “Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартибин бекитүү жөнүндө” токтомунун 2-пунктунуна ылайык жана Кайынды шаарынын мэриясынын “Кайынды шаарынын аймагындагы көрүстөндөрдө көмүү жайларын брондоо тартиби жөнүндө” Жобону бекитүү жөнүндө катын карап чыгып, Кайынды шаардык кеңешинин депутаттарынын сессиясы, токтом кылат:

1. Кайынды шаарынын аймагындагы көрүстөндөрдө көмүү жайларын брондоо тартиби жөнүндө Жобосу бекитилсин.
2. Ушул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигине жөнөтүлсүн.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети Кайынды шаардык кеңешинин социалдык маселелер боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **У.Б.Абдрасулов**